УДК: 7.011.2:101.1 (575.2.) (043.3)
**DOI:10.58494/esai.23(7).2023.02**

*Абдиманап кызы Айзирек, ОшМУ,*
*магистрант,*
*abdimanapkyzyaizirek@gmail.com*

## МУЗЫКА ЖАНРЫ ИСКУССТВОНУН БИР ТҮРҮ КАТАРЫ

***Аннотация:*** *Бул макалада искусствонун бардык түрлөрүнүн ичинен музыка адамдын кабылдоосуна түздөн-түз таасир этүүчү күчү жана сезимдерди ойготуучу табияты анализге алынды. Музыкада адамдардын эмоционалдык абалын конкреттүү, ынандыраарлык түрдө ачып берүү касиети ээ. Ошондой эле сезимдер менен байланышкан жалпыланган идеяларды терең чагылдырып берет. Музыка – бул реалдуулуктагы көркөм образдарды үн аркылуу элестетүүгө жардам берип, адамдын психикасына активдүү таасир этүүчү искусствонун бир түрү.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *музыка, эмоционалдуулук, жанр, образ, поэзия, вокал, сахна.*

## МУЗЫКАЛЬНЫЙ ЖАНР КАК ВИД ИСКУССТВА

***Аннотация:*** *В этой статье анализируется способность музыки напрямую влиять на человеческое восприятие и вызывающую воспоминания природу всех форм искусства. Музыка обладает способностью конкретно и убедительно раскрывать эмоциональное состояние людей. Он также глубоко отражает обобщенные представления, связанные с чувствами. Музыка вид искусства, активно воздействующий на психику человека, помогающий посредством звука представить художественные образы в реальности.*

***Ключевые слова:*** *музыка, эмоциональность, жанр, образ, поэзия, вокал, сцена.*

## MUSICAL GENRE AS AN ART FORM

**Annotation.** *This article examines music's ability to directly influence human perception and the evocative nature of all art forms. Music has the ability to reveal people's emotional states in a concrete and convincing way. It also deeply reflects generalized ideas associated with feelings. Music is a form of art that actively influences the human psyche, helping to imagine artistic images in reality through sound.*

***Key words:*** *music, emotionality, genre, image, poetry, vocals, stage.*

Жаштардын рухий потенциалын өнүктүрүүдө музыкалык билим берүүнүн ролун изилдөөнүн актуалдуулугу азыркы коомдо болуп жаткан интенсивдүү социалдык-экономикалык кайра куруулар саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдөгү олуттуу жетишкендиктерге карабастан, түп-тамырынан бери өзгөргөндүгүнө байланыштуу, коомдун маданий уландысы жана руханий өз алдынча өндүрүшүнүн системасын деформациялады. Буга азыркы коомдун социалдык туруксуздук, руханий кризис, нарктык нигилизм, гедонизмдин пайда болушу себеп.

Бардык искусстволордун ичинен музыка адамдын кабылдоосуна түздөн-түз таасир этет жана сезимдерди ойготот. Музыканын адамдардын эмоционалдык абалын конкреттүү, ынандыраарлык түрдө ачып берүү табиятына ээ. Ошондой эле сезимдер менен байланышкан жалпыланган идеяларды өз ичине камтыйт. Музыка (грек тилинен mphuykYu - муз, сөзмө-сөз – музалар искусствосу) – бул реалдуулуктагы көркөм образдарды үн аркылуу чагылдырган, адамдын психикасына активдүү таасир этүүчү искусствонун бир түрү [1].

Музыкалык чыгармалар көркөм сүрөт искусство чыгармаларынан такыр башкача кабылданат. Скульптураны же живописти көп убакытка чейин ийне-жибине чейин карап чыгууга мүмкүн, бирок музыка бизди күтпөйт, ал тынымсыз алдыга жылып, убакыттын өтүшү менен кыймылда болуп турат. Музыканын убактылуу мүнөзү деп аталган бул касиет

музыка искусствосуна чыгармачылыктын башка түрлөрүнө караганда эбегейсиз зор артыкчылыктарды берет.

Музыканын үн табияты ага курчап турган чындыктын үндөрү менен байланыш түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратат. Музыкалык үндөр жана алардын айкалыштары сырткы дүйнөнүн үн кубулуштарына окшош болот (канаттуулардын сайраганы, аарынын ызылдаганы, аттардын үнү, поезд дөңгөлөктөрүнүн үнү, жалбырактардын шыбышы ж.б.) – бул касиет «ономатопея» деп аталат. Албетте, музыкадагы образ шарттуу, бирок ал угуучунун фантазиясынын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет.

Музыка адамдын ички дүйнөсүнүн сырларын терең ачып берүү күчүнө ээ болгону менен, искусствонун башка түрлөрү сыяктуу горизонттору чексиз болбогондой эле, анын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Ал эми көбүрөөк натыйжалуулукка, айкындуулукка ээ болуу үчүн музыка искусствонун башка түрлөрү менен тыгыз байланышта болгону талапка ылайыктуу. Поэзия менен музыканын биримдиги ыр, ал эми музыка менен хореографиянын аралашмасы балет болуп эсептелет. Опера – бул драманын, көркөм искусствонун жана музыканын синтези [2].

Музыканын өзгөчө эстетикалык баалуулугунун өзгөчөлүгү композитордун же аранжировкачынын чыгармачылыгынын прикладдык жана өзгөчө көркөм максаттарынын ортосундагы байланыштарда терең ачылат. Искусствонун түрү катары музыканын спецификалык табияты бүтүндөй көркөм өнөрдүн баалуулугун ишке ашырат. Адамдын инсандыгын калыптандырууда ага түбөлүк баалуулуктарды, адам жашоонун нормаларын, маданиятта топтолгон жана жалпы адамзаттык талаптарга жооп берген моралдык-этикалык идеалдарды жеткирүү жөндөмдүүлүгү зор мааниге ээ. Музыка сыяктуу факторлордун баалуулугу белгилүү шарттарда анын формасынын стандарттык типтерге, ченемдик моделдерге жакындыгына жараша болгон.

Музыкалык образдарды камтыган каражаттар – белгилүү бир ыкмалар менен уюшулган музыкалык үндөр болуп саналат. Музыканын негизги элементтерин режим, ритм, темп, үн динамикасы, тембр, обон, гармония, полифония толуктап турат. Музыка нотага жазылып, ал аткаруу процессинде гана ишке ашырылат.

Аткаруу каражаттары боюнча музыка вокалдык (ырдоо), аспаптык (эгер чыгарма аспаптарда гана аткарылса) жана вокалдык-аспаптык болуп бөлүнөт. Ошондой эле музыка көбүнчө хореография, театралдык искусство кино менен тыгыз байланышта болот.

Бир үндүү музыка (монодия) жана полифониянын (гомофония, полифония) ортосунда айырмачылыктар орун алган. Музыканын бир нече түрлөрү бар – театралдык (опера ж. б.), симфониялык, камералык ж.б. ал эми жанрлары – ыр, хор, бий, марш, симфония, сюита, соната ж.б.у.с.

Жалпы искусствонун табиятын, анын ичинде музыканы изилдөө үчүн «жанр» сыяктуу түшүнүктөргө көңүл буруу зарыл. Музыкалык жанр – музыканын ар кандай социалдык функцияларына жана мазмуну боюнча айрым түрлөрүнө, турмуштук максатына жараша тарыхый жактан калыптанган музыкалык чыгармачылыкты мүнөздөгөн түшүнүк. Музыкалык жанр – белгилүү бир сюжеттик, композициялык, стилдик жана башка өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлгөн музыканын түрү жана музыкалык чыгармалар болуп эсептелет [3].

Музыкалык жанр түшүнүгүн кеңири жана тар аспектиде кароого болот. Кеңири мааниде алар опера, симфония, камералык жанр, ал эми тар мааниде лирикалык жана комикалык опера жанрлары аркылуу айырмаланат. Аларга симфониялар жана симфониетталар, ариялар, ариозо, каватина ж.б. кирет. Кээ бир изилдөөчүлөр (атап айтканда В. Цукерман) музыкалык жанрлардын негизги жана кошумча түрлөрүн ажыратышат. Алардын пайда болушу жашоо шарттарга түздөн-түз байланыштуу деп эсептешсе, ал эми башкалары жанрлар концерттик аткаруу процесинде калыптангандыгын белгилешет [4].

Жанрлардын – фантазия, поэма, баллада жана ушул сыяктуу атайын түрлөрү да кездешет. Музыканын жашоонун келип чыгышын жана максатын көрсөткөн түрлөрү да белгилүү бир деңгээлде жанрдын мүнөзүн аныктайт, алар бий музыкасы, марш, тегерек бий,

оюндар, той ырлары ж.б. эсептелет. Кээде темптин жанрдык мааниси да бар (Адажио, Андате). Чыгармалардын басымдуу көпчүлүгүндө аталыштар мазмундун табиятын ачууга багытталган. Музыканын аткарылышына байланыштуу аудиторияны көрсөткөн түрлөрү кездешет, аларга аспаптык жана вокалдык музыка, оркестрдик жана соло, массалык ыр аттуу түрлөрү кирет.

Жанрлардын өзүнүн түрлөрүн, түшүнүктөрдүн жалпы жана спецификалык маанилерин эске алуу зарыл, алар аспаптык музыка (жанр катары) фортепиано музыкасы, кылдуу музыка, үйлөмө музыка ж.б. эсептелет Демек, жанр түшүнүгү ички (музыкалык мазмундун мүнөздөмөлөрү) жана тышкы өзгөчөлүктөргө басым жасоо менен эки субстанциялык мааниге ээ. Кээде бул өзгөчөлүктөргө симфониялык музыка, опера, балет таандык болот [5].

Ар түрдүү жанрлар үчүн типтүү каражаттар – ритмикалык бурулуштар, коштоо формалары, текстуранын түрлөрү жана башка ушул сыяктуулар иштелип чыккан. Булар типтүү марш ритмдери, вальстын коштоосунун типтүү формасы, мында бас өзгөчөлүгүнүн биринчи ыргагында, ал эми башка коштоочу үндөрдүн экинчи жана үчүнчү ыргагында алынат. Жанрлар жана жанрдык түзүлүштөр бири-бирине таасирин тийгизет, ар кандай чыгармалар түрдүү жолдор менен биримдикте болот. Чындыгында кээ бир популярдуу ырлар марш сыяктуу ыргактарды лирикалык ырдын элементтери менен айкалыштырат.

Музыкалык нормаларды канондоштуруу толук түрдө музыканын белгилүү бир социалдык функциялары менен тыгыз байланышта болгон. Убакыттын өтүшү менен «жанр» түшүнүгү ар кандай критерийлер боюнча көркөм чыгармачылыктын тигил же бул түрүн билдире баштаган.

Музыкалык жанрларды системалаштыруу аткаруу каражаттарына негизделген:

– аспаптык музыка: оркестрдик (симфониялык), камералык (ансамбль – трио, квартет, квинтет жана башка), соло (фортепиано, орган, скрипка жана башкалар);

– вокалдык музыка: хор, ансамбль коштоосунда соло ж.б.;

– аралаш вокалдык жана аспаптык музыка: кантаталар, ораториялар, вокалдык-аспаптык ансамблдер;

– сахнадагы актердук чеберчиликке байланыштуу театралдык музыка (опералар, балеттер, оперетталар, кино жана драма театры үчүн музыка).

Ошол эле учурда жанрлар мазмуну менен да айырмаланышы мүмкүн. Лирикалык, драмалык, эпикалык музыка – мазмундун артында турган жанрдын жалпы мүнөздөмөлөрүн көрсөтүп турат. Жанрдын бул түрү "программаланган" же "программаланбаган" музыка деген түшүнүктөрдү да өз ичине камтыйт. Программалык музыка – вербалдык текстти камтыбаган, башкача айтканда аспаптык, бирок анын мазмунун оозеки көрсөтүү менен коштолгон академиялык музыка [6].

Программалык чыгармалар XVIII кылымда пайда болгон. XIX кылымда улуу композиторлорунун чыгармаларында программалык музыка өзгөчө орунду ээлеген. Бул курчап турган дүйнөнүн түрдүү үндөрүн туураган музыка деп аталат. Мындай музыка жаратылыштын адамдардын кыймылын, канаттуулардын, жаныбарлардын, жамгырдын, күркүрөгөн шамалдын, канаттуулардын үндөрүн туурап чыгармалар аркылуу угуучуларга жеткире алат. Программалык визуалдык музыкада ритм, регистр, гармония, динамика, текстура, тембр маанилүү ролду ойнойт.

Музыкалык чыгарманын негизги максаты кандайдыр бир адабий чыгарма же көркөм искусствонун башка түрлөрү менен тыгыз байланышта болуу. Мындай музыкалык чыгармаларды программалык чыгарма деп белгилөөгө болот. Негизги музыкалык идеялардын же образдардын өнүгүүсүнүн жалпы багытын гана көрсөткөн жалпы сюжеттик эмес окуялар композицияларда системалуу түрдө ишке ашырылышы мүмкүн. Программалык музыка көбүнчө угуучуларга адабий чыгармалардан, живописten жана искусствонун башка түрлөрүнө таандык болгон тааныш сюжеттерди үндөрдү кайталоо аркылуу жеткирүү.

Соната, симфония, увертюра, сюита, концерт, поэма, фантазия, баллада – булардын баары аздыр-көптүр көлөмдүү чыгармалардын аталыштары. Конкреттүү жанрдык өзгөчөлүк

кош аталыштарда кездешет: драмалык, лирикалык опера же симфония, драмалык поэма, пасторалдык соната, үйлөнүү үлпөт маршы жана башка ушул сыяктуу.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, музыканын тарыхый өнүгүү процессинде, бир жагынан, жанр аттары өзүнүн мааниси боюнча бир топ өзгөрсө, экинчи жагынан, жанрлардын өзү да өнүгүү эволюцияга дуушар болгон. Музыканын негизги жанрларын, стилдерин жана суб-стилдерин тизмектеп чыгуу абдан көп убакытты талап кылат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Сохор А. Н. Музыка // Музыкальная энциклопедия. Т.3. М., 1976, с.730

2. Холопов Ю. Н. О формах постижения музыкального бытия // Вопросы философии. 1993, № 4, с. 107–108.

3. Ющенко Н. С. Динамика развития западных музыкальных эстрадных стилей и жанров: Историко-культурологический анализ // «Человеческий капитал», № 1 (37), 2012 – С. 41-44

4. Мазель Л.А. Цуккерман В.А. Анализ музыкальных произведений. Элементы музыки и методика анализа малых форм. М., 1967

5.Чередниченко Т.В. Жанр музыкальный // Музыкальный энциклопедический словарь / гл. ред. Г.В.Келдыш. – М.: Сов. энциклопедия, 1990. – С. 192.

6. Арановский М.Г. Что такое программная музыка?, М., 1962